УДК 611.08 (611.01)

**Абдукадыр к. Бүхамида, Үтүров Кытайбек Үтүрович**
И.Арабаев атындагы КМУнун; Гуманитардык билимдер факультетинин Теология кафедрасынын магистранты;
Философия илимдеринин доктору; профессор
**Абдукадыр к. Бүхамида, Үтүров Кытайбек Үтүрович**
Магистрант Факультет Гуманитарных знаний;
кафедры Теологии КГУ им. И.Арабаева;
Доктор философских наук; профессор
**Abdukadyr kyzy Bukhamida, Uturov Kytaibek Uturovich**
Master’s student Faculty of Humanities; Department of Theology of the Kyrgyz State University named after I. Arabaev;
Doktor of philospical science; professor

# ЭҢ АЛГАЧКЫ АДАМДЫН ЖАРАЛУУСУНДАГЫ ТҮРДҮҮ КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА ДАЛИЛДЕР

# РАЗЛИЧНЫЕ ВЗГЛЯДЫ И СВИДЕТЕЛЬСТВА СОЗДАНИЯ ПЕРВОГО ЧЕЛОВЕКА

# VARIOUS VIEWS AND EDIVENCE OF THE CREATION OF THE FIRST MAN

**Аннотация:** Бул макалада, адам баласы кантип, кайдан, эмне үчүн жаралгандыгына токтолдук. Ошондой эле эң алгачкы адамдагы клетканын жаралуусу жөнүндө далилдери менен да маалымат алууга, аракет кылдык.

**Аннотация:** В данной статье написали о человеке - как, где и почему он был создан. А также попытались записать доказательства и информацию о происхождении первой клетки человека.

**Annotaion:** In this article* they wrote about a person – how, where and why he was created. And also tried to record evidence and information about the origin of the first human cell.

**Негизги сөздөр:** Куран, жаралуу, клетка, теория, топурак, ДНК, адам; көз караш; далилдер; эволюция; жандык;

**Ключевые слова:**, Куран, возрождение, клетка, теория, песок, ДНК, человек; перспектива; доказательство; эволюция; существо;

**Keywords:** Quran; wounded; cell; theory;soil; DNA; human; perspective; evidence; evolition; being;

Эволюция теориясы - бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фосил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду? [5]

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана

жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш [6].

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыккан [5].

Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган Түрлөрдүн келип чыгышы аттуу китеби эле[8]. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан. Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу[7].

Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле[8].

Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле[5].

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн[14]. Австралопитек фосилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган[5].

Эволюция теориясы табияттагы 1,5 миллионго жакын жандык түрүнүн аң-сезимсиз табият окуялары кокусунан пайда болду деген ойду жакташат. Бул көз-караш бойунча, жансыз

жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан[6]. Мындай бир нерсенин ишке ашпай турганын көрсөткөн абдан көп илимий далилдер бар. Изилдөөчүлөр алгачкы дүйнө атмосферасында болгондугу аныкталган газдар менен ошол атмосфера шарттарын бириктирип, жасаган эксперименттерде жандуулуктун эң кичинекей элементин да ала алышкан эмес[6].

Адамдардын бүгүнкү күндүн технология жана илим деңгээлин колдонуп болгон аң-сезимдүү, акылдуу аракетине карабастан бир жандуу организмди пайда кылуу мүмкүн болгон жок.

Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Кааласаңыз бир «эксперимент» да жасайлы «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун. Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын, ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт [5]. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт [5].

Медицина боюнча эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ [7].

Натыйжада, бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда. Адамдын денесиндеги ар бир клеткада миңдеген ДНК малекулалары бар. Адамдын көзүнүн түсү, бармак изи, чачынын түзүлүшү, үнүнүн тону баары ушул ДНКларда код менен сакталган. Бир гана клеткада сакталган ДНК малекуласы ар бир тому 20 миң беттен турган 46 томдук энсиклопедия сыяктуу. Б.а ичинде ушунча маалыматты сактайт. Адамда орто эсеп менен 60 триллион клетка бар. Дүйнөдөгү эң чоң энсиклопедия 40 миң беттен турат. ДНК эң чоң энсиклопедиядагы маалыматтан 25 эсе көп маалыматты өзүндө сактап жүрөт. ДНК микроскоб менен 25 эсе чоңойткондо гана көрүнөт. Эгер адамды табият жаратты дей турган болсок, өтө көп маалыматты өзүндө сактап жүргөн клетканы жасай ала турганчалык күчкө, илимге, жөндөмгө ээ болуусу керек эле. Ушундай татаал бир система кантип өзүнөн өзү пайда болсун. Клеткалар

бири- бири менен тыгыз байланышта. Адамдын денесиндеги ДНКлар кабат-кабат болуп, клеткалардын ичинде жайгаштырылган. Бир клетканын ичиндеги жалпы ДНКлардын жалпы узундугу 2 метр. Эгер денедеги бүткүл клеткалардагы ДНКларды узунунан тизсек 125 миллиард километр болот. Бул узундук күн менен жердин ортосундагы аралыктан 800 эсе узун. Ушундай таң калычтуу зор система кантип өзүнөн өзү пайда болсун [7]

Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн 1/10950ге барабар. Бирок математикада 1/1050дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» дегенди жокко чыгарууда [7].

Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел Scientific American журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат: «Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу да мүмкүн эмес [7] Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда» [13; 78-б]

**Алгачкы адамдын жаралуусу**

Алла Таала чексиз илими менен адамды топурактан жаратты[1]**.** Топурактан жаратылгандыгы үчүн алгачкы инсанга “Адам” деген ысым берилген[4]**.** Адам жер жүзүндө эң алгачкы жаратылган инсан жана пайгамбар эле. Ааламда андан мурун жаратылган периште жана жин гана бар болчу [1]. Бүткүл нерсенин аты жана пайдасы ага билдирилет. Бою менен жашы так билдирилген эмес. Периштелер Алла Тааланын буйругу менен жер жүзүнүн ар кайсы аймактарынын, ар кандай түстөгү бир уучтан топурак алып келишти. Адамдардын ар кандай өңдө болушунун сыры да ушул эле[3] Топуракка суу куюшуп, ылай жасашты [1]. Андан кийин ылайды инсан шекилине келтиришти[1]**.** Ошол кейипте Мекке менен Таиф шаарларынын арасында 40 жыл жатып, “салсал” (как) болуп бышкандай кургады. Алла Таала инсан денесин топурактан жараткан соң мүлдө макулуктун арасында ага эң жогорку мартабаны ыроолоп, эч кимдин акыл эси жетпей турган сырды Өзү салган. Оболу жөн гана кейип берилип , нерсе катарында жаратылган затка Кудай Тааланын сыры салынгандан кийин гана жан кирип кыймылдай баштаган. Муххарам айынын онунчу жума күнү рух берилди[3] Курани Карим муну мындайча тастыктайт:

**“Ага кейип берип,Өз рухумдан үйлөгөн кезде!...”** [1].

Жараткан Алла Таала Адамга (алейхис салам) “Өз рухумдан үйлөдүм” дегенди өтмө мааниде айткан. Аны кулунун колдонуусу жана пайдалануусу үчүн Өзүндөгү артыкчылыктарды кээ бирин берген деп түшүнүүгө болот. Аманат катары алган жандын, акыл-эстин жардамы, күчү жана берекеси менен пенде Раббисин тааныйт. Ага кулчулук милдетин өтөйт. Кудай Тааланын улуулугуна жана сырларына күчүнүн жетишинче сүңгүй берет. Адам баласынын беймеңги дене турпаты топурактан жаратылгандыктан топурактан азыктанып, убакты сааты келгенде кайра ошол топуракка,түпкүлүгүнө кайтат. Топурактагы

бардык элементтер белгилүү өлчөмдө инсан организминин курамында да табылат. Анткени адамдын организми жана денеси топурактын бир башкача көрүнүшү.

Ошондуктан, Азирети Адам Атанын бардык урпактары түпкүлүгүндө топурактан жаратылган десек жаңылышпайбыз. Жер жүзүнүн ар кайсы тарабындагы топурактардын өзгөчөлүгү ар башка болгондой эле адамдар да физиологиялык жана мүнөз жагынан ар түрдүү болушат. Бул чындыкты пайгамбарыбыз Азирети Мухадеммед(саллаллаху алейхи вассалам) төмөнкү хадисинде мындай тастыктайт:

**"Алла Таала инсанды жер жүзүнүн ар кайсы тарабынан чогулткан бир ууч топурактан жараткан .Мына ушул себептен адам баласынын бир тобу кара,бир тобу ак,бир тобу кызыл жана бир тобу бардык түстөрдүн аралашмасындагы түстө. Бир тобунун мүнөзү жакшы, бир тобунун мүнөзү катаал, бир тобунун мүнөзү сылык болуп(башкача айтканда ар кандай мүнөздө, ар кандай жөндөмдө)дүйнөгө келишкен"** [3]

Жалпыга маалым болгондой, топурактын курамынды темир, жез, алюминий, фосфор, кальций жана башка көптөгөн элементтер бар. Ушул элементтердин жана минералдардын көптүгүнө жана аралашмасынын басымдуулугуна жараша топурактын түрү белгилүү болот. Башкача айтканда, курамындагы минерал жана элементтердин үлүшүнө жараша топурак жумшак же катуу, же ар кандай түстө, ар кандай өзгөчөлүктөрдө болот. Кээ бир жердеги топурак абдан мол түшүмдүү, кээси орто, кээси болсо такыр эле түшүмсүз болот. Адамдар да иштерман же , өтө жаратман же өтө эле чоркок болушат. Топурак менен адам ушул өңүттөн бир топ окшош. Психологиялык жана акыл-эс өңүтүнөн да адамды топуракка окшоштурууга болот. Маселен, кээ бир адамга бир сөз жетиштүү, маселени заматта түшүнөт. Айрымдарга канча кайталасаң да түшүмүсүз топурактай бозоруп тура берет, өзгөрбөйт же алдыга жылбайт. Мына ушундан келип чыгып, айта алабыз: Алгачкы адамдар кээ бир тарыхчылар ойлогондой илимсиз, этикасыз, жылаңач жапайы адамдар эмес эле. Азирети Адам Аллахка биринчи хамд жана тообо кылган адам. Тандалган адамдардын биринчиси жана Аллах Тааланын жер бетиндеги эң биринчи орун басары.

**Колдонулган адабияттар:**


1. А. Исмаилов, Д. Абдылдаев, С. Доолов, С. Гавай., Ыйык Куран маанилеринин кыргызча котормосу. – Б.: 2006.
2. Философтордун кыскача сөздүгү. Которгондор: С.Мамбеталиев, Л.В.Блинников.
3. Имам Навави " Риядус Салихин" Тандалган хадистер 2015; 592б
4. Bedüiüzzaman Said Nursi ( Рисале- и Нур тафсиринен алынды)
5. Харун Яхя "Түрлөрдүн эволюциясы көз карашынын жаңылыштыгы" [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
6. Харун Яхя "Атом керемети" [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
7. Харун Яхя "Дарвин ДНКны билгенде" 2007 1-басылышы [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
8. Харун Яхя "Дарвинисттикдажжал агымынын өлүмү" 2009 1-басылышы [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
9. Харун Яхя " Гормондогу кереметтер" 2006; 2- басылышы; [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
10. Харун Яхя "Курандын кереметтери" 2006 май; 7-басылышы
11. Харун Яхя "Өмүр бою иштеген кереметтүү машина" [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/

12. Харун Яхя “Жашоонун жаралуу акыйкаты” [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
13. Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78
14. Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389 [Электрондук ресурс]. https://ky.harunyahya.com/
15. The Genetics of Adaptation: A Reassessment", H.A. Orr ve Jerry Coyne (1992); American Naturalist, 140, 726
16. Fred Hoyle-Chandra Wickramasinghe, Evolution from Space, New York, Simon & Schuster, 1984, s.130
17. Gould S.J. Natural History, cilt. 85, 1976, s. 30
18. The Way of The Cell (Клетканын кыймылы)